“Бекитемин”
Ч.Айтматов атындагы Тил жана
адабият институтунун директору,
академик А.Акматалиев

_______________

17.02. 2025-жыл

**Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин Жыйынынын**

**№2 ПРОТОКОЛУНАН көчүрмө**

***Бишкек шаары*** ***2025-жылдын 17-февралы***

**Катышкандар:** Отурумдун төрагасы, директор академик А.Акматалиев; Адабият бөлүмүнүн бөлүм башчысы ф.и.д., **К.Койлубаев;** Айтматов борборунун бөлүм башчысы ф.и.к., **Н.Ыйсаева;** Манас таануу бөлүмүнүн башчысы ф.и.д., **М.Көлбаева;** Кол жазмалар бөлүмүнүн башчысы ф.и.к., **А.Исаева;** Айтматов борборунун Башкы илимий кызматкери ф.и.д., **А.Кадырманбетова;** Башкы илимий кызматкер ф.и.д., **Ж.Орозобекова;** Ага илимий кызматкер ф.и.к., **М.Садыров;** Ага илимий кызматерлер ф.и.к., Өмүров Б; а.и.к. Ж.Тургунбаева; а.и.к. А.Жакыпбекова; а.и.к. Р.Эшматов, а.и.к. А.Ажыбаев, а.и.к. институттун окумуштуу катчысы Козубекова Г ж.б.

**Күн тартиби:**

1. Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз адабияты бөлүмүнүн улук илимий кызматкери **Келдибекова Жибек Келдибековнанын** 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган **"70-80-жылдагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков)"** деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы академик А.Акматалиев:** Күн тартибинде Кыргыз адабияты бөлүмүнүн улук илимий кызматери Ж.Келдибекованын "70-80-жылдагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков)" деген темадагы

кандидаттык диссертациясын талкуулоо каралган. Изденүүчүнүн диссертациясы буга чейин 8.06.23-жылы Кыргыз адабиятында биринчи талкуудан өтүп келген. Анда сөздү изденүүчүгө берели.

**Диссертант Ж.Келдибекова:** Саламатсыздарбы, ага-эжейлер урматтуу талкуунун катышуучулары! Бүгүн бизде талкуулана турчу Диссертациялык ишибиздин темасы “70-80-жылдагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков)" деп аталат. Илимий жетекчибиз филология илимдеринин доктору, **Кадырманбетова Айнура Күмөновна** эжекебиз.

Диссертациябыз буга чейин 2023-жылдын 8-июнунда Адабият бөлүмүндө талкуудан өткөн.

1-талкууда айтылган сын-пикирлер негизинен:

1. Андагы эже-агайлар айткан сын-пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен диисертацияга мазмундук жана структуралык жактан өзгөртүүлөрдү киргиздик. Атап айтсак: Авторлордон Абдималит Матисаковдун чыгармачылыгы боюнча иликтөөбүздү коштук. (3-баптын 2-параграфына) анткени А.Матисаковдун чыгармачылыгы дагы биз караган мезгилде 70-80-жылдары абдан өөрчүп, өзүнө тиешелүү бир жазуучулук инвидуалдуулугун байкай алдык. Ошол себептен кандайдыр бир жалпылыктар же өзгөчөлүктөрдү изилдөө кызыгууну жаратты.

2. Биз обьектке алган авторлордун Эгемендүүлүктөн кийинки аңгемелери алынсын делген сунуш айтылган. Муну дагы эске алып, бир канча талданган аңгемелер кыскартылды.

3. Башка аңгемечилердин чыгармалары да кездешчү алар да алынды, кээ бирөө сюжеттик-композициялык, же идеялык-тематикалык жактан окшоштуктар болсо калтырууга туура келди.

4. Аңгемелерди формалык жактан, эпикалык жактан лирикалык, сатиралык, фантастикалык деп берип бөлүштүргөнбүз. Ошолорду биз обьект кылып алган авторлордун чыгармачылыгы боюнча талапка ылайык бөлүштүрүү сунушталган. Бул боюна дагы бөлүмдүн жыйынтык корутундусунда берүүгө аракет кылдык.

5. 85-жылдагы Ала-Тоо журналындагы аңгемеге тиешелүү эмектерди каралып, повестке тиешелүү айрым бир материалдар кыскартылды.

Жалпысынан, Иш киришүүдөн, 3 баптан 6 параграфтан корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 160 бет.

**Изилдөөнүн максаты** жана милдеттери. Диссертацияда кыргыз аңгемесинин 70-80-жылдардагы өнүгүү тенденциясын жана ушул өнүгүүнүн фонунда, аңгемечи Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаковдордун чыгармачылык изденүүлөрүн системалуу карап, анализ жүргүзүү, аталган жазуучулардын кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүшүнө кошкон салымдарына баа берүү болуп саналат. Жогорудагы максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттерди алдыбызга койдук:

1. Аңгеме жанрынын өнүгүү тарыхына, теориялык маселелерине байланыштуу илимий эмгектерге сереп салуу;

2. Кыргыз аңгеме жанрынын алдыңкы мезгилдердеги адабий тажрыйба, табылгаларынын 70-80-жылдардагы өнүгүшүнө тийгизген таасирин, идеялык-эстетикалык өнүгүү багыттарын белгилөө;

3. Ж.Жапиевдин аңгемелериндеги тематикалык-проблематикалык, сюжеттик-композициялык өзгөчөлүктөрдү аныктоо;

4. К.Кушубековдун аңгемелериндеги конфликт, мүнөз маселесин талдоо;

5. Б.Усубалиевдин кыргыз аңгеме жанрындагы өзгөчө стилин, аңгемечилик чеберчилигин белгилөө;

6. А.Матисаковдун аңгемелеринин идеялык-эстетикалык изденүүлөрүнө баа берүү;

1-бапта 70-80-жылдардагы кыргьтз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясын иликтөөгө алуудан мурда улуттук, коңшу жана шериктеш өлкөлөрдүн адабият таануусундагы аңгеме жанрынын өсүп-өнүгүшүнө, поэтика маселелерине байланыштуу эмгектерди карап, салыштырууга аракет кылдык.

► Кыргыз аңгеме жанрын изилдөөгө салым кошкон адабиятчы-изилдөөчүлөр: К.Асаналиев, К.Артыкбаев, Т.Аскаров, С.Жигитов, Б.Кебекова, А.Эркебаев, А.Медетовдордун монографиялык изилдөөлөрүндө, илимий макалаларында кыргыз аңгемеси негизинен генезистик тарыхый планда каралып, жанрдын поэтикалык-эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн, көркөм каражаттарынын өздөштүрүлүшү, 60-

жылдарга чейинки кыргыз аңгеме жанрынын жетишкен ийгиликтери жана кемчиликтери тарыхый, теориялык негизде каралды

XX кылымдын 70-80-жылдары кыргыз адабиятынын "жаралуу", "калыптануу" доорунан кийинки "өнүгүү", башкача айтканда "өнүккөн адабият" дооруна туура келет. Ал мезгилдеги жетишкендиктер, биринчи иретте, коомдук экономикалык, б.а материалдык жетишкендиктер менен да шартталды десек болот. Жаңы чыгармалар басмалардан көптөгөн тираждар менен чыгып, алар тууралуу сын макалаларды көпчүлүккө тездеп жайылтып туруучу мезгилдүү басылмалар да көбөйдү. Адамдардын табити, маалыматтуулугу өстү. Окурмандык тажрыйба артып, тандап окуу, сын көз менен карап окуу, дүйнөлүк адабияттын тандамал чыгармаларына салыштырып, талдап окуу мүмкүнчүлүгү артты.

Бардык эле совет адабияттарындагыдай кыргыз адабиятында, асыресе көркөм прозада көбүрөөк көңүл бурулуп келген тап күрөшү, советтик өндүрүш алдыңкысы, аялдар азаттыгы, эл достугу темасындагы чыгармалардын, "граждандык активдүүлүтү жогору" каармандардын "планы толуп", окурмандар башкача бир типтеги каармандуу, башкача бир чечилиштеги окуялуу чыгармаларды окугусу келе баштады.

20-30-жж. аңгемелердин өнүгүш тенденциясында коллективдештирүү темасы, өткөн замандын турмуш ыңгайларын сынга алуу, бай-манаптарды ашкерелөө, жаңы заман артыкчылыктарын даңазалоо тематикасы жетектөөчү орунда болсо, 40-50-жж. аңгеме жанрында согушту жектөө, тынчтыкка үндөө, пропагандалоо, патриоттук тематиканын басымдуулугу артып, 50-60-жылдардагы "жеке адамга сыйынуучулукту" сындоо аракеттеринин таасиринен улам социалдык-психологиялык, нравалык-этикалык, сынчылдык "духтагы" аңгемелер орун алган. Ал эми 70-80-жж. мурдагы мезгилдерге салыштырмалуу коомдогу тынч өнүгүү абалына жараша айыл, шаар турмушундагы өндүрүш, айыл чарбасындагы, интеллигенция чөйрөсүндөгү адамдардын турмушун коомдук эмгекке карата мамилесин чагылдырууда ашкере саясатташтыруудан четтеп, адамдын жеке инсандык табиятына, психологиялык, моралдык-этикалык маселелерге көңүл буруу басымдуу орунду ээлегендигин байкадык.

"Алтымышынчылардын" адабияты, 60-жылдардан кийинки «элет прозасы уланды. Анда саясий мазмундагы адабиятка салыштырмалуу оң каарман, оң сапаттардын ээси советтик турмуштук образдын эле каарманы эмес, улуттук, элдик салт-санааны сактаган оң каарман болуп эсептелет.

Кыргыз адабиятынын анын ичинен аңгеме жанрынын гүлдөп-өскөн маалы XX кылымдын 70-80-жылдарына туура келет.

Жарым кылымга жетпеген убакытта улуттук адабият катуу секирик жасап, У.Абдукаимов, К.Каимов, Ч.Айтматов, К.Жусубалиев, М.Гапаров, К.Акматов, А.Саспаев ж.б. жазуучулар кыргыз адабиятынын жаңы тепкичин аныкташты.

XX кылымдын 70-80-жылдары адабият айдыңына келип кошулуп, убагында өздөрүн чебер калемгер жазуучу катары көрсөтө алган муундун өкүлдөрү: К.Акматов, М.Абакиров, М.Мураталиев, К.Сактанов, Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков ж.б. болду.

1960-70-жылдарда "элет прозасы" менен катар “жаштар прозасы”, "шаар" же "интеллектуалдык ггроза" деп аталган адабий жаңы багыттар пайда болду. Бул атоолор, албетте шарттуу болгону менен адабий сында, окурмандар чөйрөсүндө кадимкидей кабыл алынып, 60-70-жылдардагы жазуучулар тарабынан өздөштүрүлгөн темалардын белгилүү бир багытта калыптанышына шарт түзгөн. Элетчил жазуучулар өз аңгемелеринде советтик мүнөзгө улуттук мүнөздү алып чыгышкан. Улуттук мүнөздү алып жүргөн, сактап жүргөн каармандар, албетте, турмуш чындыгына ылайык, негизинен, улуу муундун өкүлдөрү, карыялар. Себеби, «элетчи» («деревенщики») жазуучулар советтик мүнөз күтүү менен советтер өлкөсүндөгү ар түрдүү улуттагы элдер өздөрүндөгү улуттук түпкүлүктүү өзгөчөлүктөрүн өзүнөн жоготуп, бир типтүү болуп баратканынан кооптонуп, улуттун келечеги жөнүндө тынчсызданып, өз чыгармаларында окурмандардын көңүлүн мына ушул маселеге бурдурууга аракет кыла башташкан. Бирок, элет аңгемелеринде "улуттук мүнөздү" бир гана улуу муундун өкүлдөрү эмес, ар курактагы каармандар, жаштардан деле көрө алабыз.

Элет прозасы совет адабиятындагы өзүнчөлүктүү идеялык-эстетикалык, тематикалык багыт катары XX кылымдын 50-жылдарынын соңунда башталып, мыкты үлгүлөрү В.Астафьевдин "Царь-рыба" аттуу аңгемелерден турган повести (повесть в рассказах) (1976), В.Распутиндин "Прощание с Матерой" повести (1976) болгон. Орус адабиятында А.Солженицын, В.Шукшин, В.Белов, В.Астафьев, Ф.Абрамов, В.Распутин, Б.Можаев сыяктуу таланттуу жазуучулардын чыгармачылыгында улантылган.

Мындан улам, көптөгөн жазуучулардын чыгармачылыгында аңгеме жаңы контурларга ээ болуп, изилденип жаткан жанрдын ар кандай түрлөрүнүн элементтерин бириктирген синкреттик формалар пайда болду.

Андай аңгемелерди классификациялоо маселесинде тигил же бул жанрдык-стилдик түргө кирет деп аныктай салуу кыйын. Аңгеме жанрынын формаларын жана ар түрдүүлүгүн классификациялоодо философиялык, сатиралык, лирикалык, драмалык, психологиялык, документалдуу (очерктер); мазмундук-структуралык формалар келип чыккан.

Формалык жактан аңгеме-притча, аңгеме-ситуация, миниатюральтк аңгеме, эссе аңгеме, аңгеме-новелла сыяктуу салттуу жана гибриддик (жаңыланган) түрлөрүн айырмалайт. Очерктик аңгемелер көбүнчө саякат, портрет, пейзаж, окуянын эскиздери, мемуардык баяндардан турат.

Аңгемелерди стилдик жактан лирикалык, эпикалык (б.а. окуя баяндоочулук), сатиралык, фантастикалык аңгеме деп айырмалоого мүмкүндүк берет.

Биринчиден, окуя, баяндын автордук "мен" аркылуу эмоционалдуу-экспрессивдүү ыргакта кайра жаратуу - бул лирикалык аңгеме. Лирикалык аңгеменин белгилери: каармандын лирикалык аң-сезимине дал келген чыгарманын өзгөчө композициясы, медитацияга жакындатылган түрү. диалектикасына өзгөчө көңүл буруу аркылуу сүрөттөлгөн каармандардын турмуштук жүрүм-турумунун адеп-ахлактык негиздерин, ички, рухий дүйнөсүндөгү карама-каршылыктарды изилдейт.

Мисалга, К.Каимов ("Ак Шоокум"), лирикалык-психологиялык "Көпүрө", "Тоо булагы", "Айран", А.Саспаевдин "Шейшеп", К.Жусубалиевдин "Жаз келгенде", М.Гапаров "Турналар жазда келишет", "Кара-Көлдүн каздары", "Эки ирет гүлдөөчү алмалар" ж.б.

Экинчиден, реалдуулукту объективдүү турмуштук таризде сүрөттөгөнгө умтулган аңгеме эпикалык (б.а. окуя баяндоочулук) аңгеме. Анын белгилери төмөнкүдөй: объективдүү, сезимге берилбеген баяндоо, сүрөттөлгөн нерсеге автордун ачык баа бергени көрсөтүлбөгөндүгү менен шартталат. Мисалы, С.Жетимишов "Ата", О.Айтымбетов "Темир уста, Ж.Мавляновдун "Жийде гүлү", Ш.Абдыраманов "Солдат" ж.б.

Үчүнчүдөн, мыскыл маанидеги кыскача көлөмдүү аңгеме сатиралык аңгеме. Сатиралык аңгеменин курулушунун негизине гипербола, гротеск, шарж сыяктуу көркөм каражаттардын жардамы менен коом үчүн маанилүү маселелерди көтөрүү, каармандар туш келген жагдайдын күтпөгөн жакка бурулуп кетишине көңүл буруу, көмүскө подтекст, сөз тапкычтык негиздүү болуп эсептелет. Сатиралык аңгемелер (юмористгак) - күнүмдүк актуалдуу же коомдук-саясий мазмундагы ойдон чыгарылган

окуялар жөнүндөгү, юмордук же сатиралык боёгу бар, күтүүсүз аягы менен аяктаган аңгемелер. Мисалы, К.Каимов "Начальниктин кабагы", "Бөтөлкөдөгү киши", К.Жапаровдун "Сөзүм бар, уруксатпы?" (1981), "Кадырыңыз жан болсун" (1984), "Келген сөздү келин айтат" (1987) ж.б.

Фатастикалык аңгемеде ой-кыялдан чыгарылган, турмушта болууга мүмкүн эмес нерселерди чагылдыруунун тиби, турмушту образдуу чагылдыруунун бир жолу каралат. 70-жылд.ардагы фантастикалык аңгемеге Б.Сартовдун "Жылдыздар балладасы" (1971), "Ааламда адашкандар" (1974), "Мамыры гүлдөгөн маалда" (1978) ж.б. атоого болот.

1985-жылы кайра куруудан кийин көркөм адабиятта да жаңылануулар болду. Аны баалоо үчүн, 1985-1986-жылдары кыргыз аңгемесинин көркөм-эстетикалык жетишкендиктери, проблемалары тууралуу "Ала-Тоо" журналынын сандарында кеңири талкуу жүргүзүлдү.

"Ала-Тоо" журналында көптөгөн аңгемелер, жазуучулардын чыгармачылыгы тууралуу бир топ пикирлер айтылган. Аларда аңгеменин эстетикалык табиятын, идеялык-көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн, жанрлар системасындагы анын ордун иликтеген сынчылардын бир катар кызыктуу макалалары жарыяланып турган. Тагыраагы, басма сөздөрдө жүргүзүлгөн талкууларда жанрдын пайда болушу, өнүгүү тенденциясындагы айрым проблемалары, аңгеменин эпикалык, лирикалык, сатиралык түрлөрү, поэтика маселеси, ошондой эле орус тилине которулуш маселеси каралган.

70-80-жылдагы аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясына кызыккан байкоочулардын илимий-сын макалалары аталган журналдын сандарына чыгып турган. Алсак, А.Эркебаевдин "Азыркы аңгеме жөнүндө сөз" [229], М.Апышевдин "Абалың кандай аңгеме" [134], К.Даутовдун "Аңгеменин чебери" [158], К.Матиевдин "Сыйымдуу жанрдын сыры" [197], А.Пазыловдун "Кичине жанрдын чоң маселелери" [200], А.Токтомушевдин "Сөз өнөрүнүн башаты" [214] ж.б.

**Жыйынтыктап айтканда,** биз төмөндөгүдөй пунтккктарды корутунду катары чыгардык:

Жылкычы Жапиевдин аңгемелери тематикалык жактан көп кырдуу. Жазуучунун негизги проблемасы окурманды адамгерчиликке, коомдо өз ордун таап, "адам" деген бийик атка татыктуу жүрүүсүнө үндөйт. Стилдик жактан карап көргөнүбүздө Ж.Жапиев реалисттик ыкмадагы ("Очок тутуу", "Лилия", "Эрөөл", "Керез", "Мерген", "Туулган үй", "Тагдыр", "Мейман күтүү ж.б.) лиро-романтикалык аңгемелерге ("Бала менен ыйык

таш", "Ырчы" "Кусалык",) сатиралык ("Сөң-Көлгө барабыз") ж.б. аңгемелердин жаратманы.

Жылкычы Жапиевдин аңгемелери тематикалык жактан көп кырдуу. Чыгармапарында карапайым элет адамдарынын образы, жашоо ыңгайы, түйшөлткөн проблемалары социалдык планда жеткиликтүү ачылган. Стилдик жактан негизинен реалисттик ыкмадагы аңгемелердин жяратмяны. Айрым ангемелеринде автор мистикалык элементтерди пайдалануу менен өз чыгармачылыгын жанрдык-стилдик жаңыча түс менен байытууга аракеттенген.

► Касым Кушубеков 70-80-жылдардын адабияты койгон социалдык-экономикалык милдеттер менен катар совет адамдарын адептүүлүк жактан тарбиялоону, милдеттерди көптөгөн калемдештеринин катарында койгон. Касым Кушубеков "Өткүн" (карыянын образы), "Үмүт" (Шайыргүлдүн), "Алишер", "Жашоо булагындагы" (Шарипанын) үлгүлүү образдары аркылуу ишке ашырды. К.Кушубековду нравалык-этикалык маселелерди чагылдырууда тарбиялык максатты атайылап жетекке алган, көрсөтмөлүү, үлгүлүү каармандарды жараткан калемгер катары мүнөздөөгө болот. Көркөм психологизм анын чыгармачылыгында тарбиялык максатты ишке ашыруунун бир каражаты катары кызмат кылат.

► Бейшенбай Усубалиев - психологиялык прозанын чебери. Ал Турмуштагы психологиялык кырдаалдарды өтө кылдат чагылдырган сүрөткер. Мисалы, "Түркүк", "Түтүн", "Ачкыч", "Өрт", "Кашык", "Свет", "Жираф", "Бир сомдук тыйын", "Ак жака", "Зоока" ж.б. Аңгемелеринде көкүрөктөгү уйгу-туйгуну, кубаныч менен кайгыны, сүйүү менен жек көрүүнү, сагыныч менен ашмалтайлыкты, тазалык менен ыпластыкты табигый турмуш агымындагы психологиялык тактык менен элестүү сүрөттөп бере билет. Жазуучу Бейшенбай Усубалиевдин "Түркүк", "Түтүн", "Ачкыч", "Өрт", "Кашык", "Свет", "Жираф", "Бир сомдук тыйын", "Ак жака", "Зоока" ж.б. аңгемелери кыскалыгы, тактыгы менен айырмаланат. Б.Усубалиев сюжет куруу, образ түзүүдөгү өзгөчөлүгү менен аңгеме жанрына жаңылык киргизе алды. Мындан улам, жөнөкөй, жай окуядан эле, көркөм психологизмди алып чыгуусу аркылуу "усубалиевдик өзгөчөлүгүн" көрүүгө болот. Б.Усубалиев көркөм чыгармачылыктын импрессионисттик багытына ыктаган жазуучу. Анын чыгармачылыгындагы сюжеттик линиянын негизин каармандардын ички жан дүйнөсүндөгү ар кандай өзгөрүүлөр - кайгыруу, кубануу, таңгалуулар түзөт. Окуялардын динамикалык өнүгүүсүнүн ордуна эмоциялардын алмашуусу басымдуулук кылат.

► Абдималит Матисаковдун аңгемелери көркөм-публицистикалык ыкмада жазылган. Инсандардын күндөлүк турмушундагы эпизоддор аркылуу, алардын ички дүйнөсүнө, психологиясына гана эмес, чыгармаларындагы чакан окуялар турмуштук фактыга, окуяга негизделип, күндөлүк турмуштан алынган. Тагыраагы, көркөм ой жүгүртүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык кошумчаланып, аңгемелеринде көркөм-публицистикалуулуктун басымдуулугу, гумандуулук мотиви, адамгерчилик идеясы аңгемелерининин лейтмотивин түзөт. Жазуучу-публицист А.Матисаковдун очерктик, публицистикалык маанайдагы "Бечаралар", “Күттүргөн рейс", "Айдын көз жашы", "Таразачы", "Атамды көргөн өлбөсүн" аңгемелериндеги образдардын турмуштук прототиптери бар, автордун көргөн-билген каармандары. Жазуучу аңгемелеринде токтоо, бардыгына каниет кылган кыргыздын улуттук мүнөзүн так чагылдырылып, түштүк жергесинин кичи пейил, эмгекчил адамдарынын портретин түзөт.

**Төрага, академик А.Акматалиев:** Илимий иш боюнча кимде суроо бар?

**Ага илимий кызматкер Р.Эшматов:** Модернисттик багытты кандай түшүнөсүң, ага кимдердин аңгемелери кирет?

**Ж.Келдибекова:** Модернисттик аңгемелер учурдун, замандын талабына ылайык жазылган аңгемелер. Мурдагы реалисттик түрдөгү аңгемелерге караганда мезгилдин ыргагы менен жүрөт. Мисалга, Кубатбек Жусубалиевдин аңгемелери кирет.

**Ага илимий кызматкер Р.Эшматов:** Кыргыз аңгемечилери ичтен таасир болгонбу, же сырттан да таасир болгонбу?

Ж.К: Сырттан албетте, таасир болгон. Б.Усубалиевдин Шукшиндин чыгармачсылыгынан таасириленген. Анда жөнөкөй окуядан чоң психологимзмди алып чыгуу аракеттери байкалат.

**ф.и.к., Н.Ыйсаева:** Б.Усубалиевдин чыгармачылыгын импрессионисттик багыттагы жазуучу катары белгилепсиң, Импрессионисттик психологизмдин белгилери кандай болот?

**Ж.К:** Импрессионизм (фр. impression таасир) сүрөт искусствосунда пайда болго термин. француз живописинде калыптанган. Импрессионизм классицизм, романтизм жана шарттуулугунан бошоп, күнүмдүк турмуш чындыгынын, жөнөкөй мотивдердин сулуулугун даңазалайт, сүрөттөлгөн көрүнүштүн жандуулугуна жетишет.

Бул агым классицизм менен реализмдин салттарына каршы чыгышкан. Алар конкреттүү бир көз ирмемдин кооздугун көрсөтүүгө, көргөндөрүнөн эмоциясын берүүгө умтулушкан. Буга жетүү үчүн авторлор сүрөт тартуунун жаңы ыкмаларын ойлоп табышкан. Алар кара түстөн баш тартышкан, палитраны колдонушкан эмес, кээде боёкту түтүктөн түздөн-түз кенепке сыгышкан жана сүрөттөлгөн объектилердин контурларынын ордуна майда штрихтерди колдонушкан.

Адабияттагы импрессионизм Чыгармаларда жашоонун өзгөрмөлүүлүгүн, анын кыймылын, өзгөрүүнүн себептерин көрсөтөт. Окуяны чагылдырууга мындай мамиле эң сонун психологиялык нюанстарды, сезимдерди берүүнү талап кылган.Мисалы, Б.Усублаиевдин “Түтүн” аңгемесиндеги Асылкеримдин мончого барган жөнөкөй окуясндагы психологиялык кырдаалар, анын тартынуусу, кысылуусу, кыжырдануусу ж.б. абалдар импрессионисттик психологизмге мүнөздүү. "Он" аңгемесиндеги он сомду таап алган келиндин дагы ошол кырдаалдагы таң калуусу, чочуусу, өткөн күндү эстөөсү, ж.б. окяга карата анын эмоциясы берилет. Бул дагы импрессионисттик психологизмдин белгилери. Анткени мында окуянын динамикалуу өнүгүүсүнө караганда, каармандын сезимдери, окуяга болгон реакциясы, таасири өнүккөн абалда жандуу сүрөтттөлөт.

**ф.и.д.,** М.Көлбаева: 70-80-жылдары кандай адабий тенденциялар орун алыптыр? Изилдөөдө байкагандай формалык-стилдик жактан кеңейди. Аңгеме-притча, аңгеме-ситуация, аңгмеме-эссе, аңгеме-минятюра ж.б. терминдер көбөйдү.

Ж.К: Аңгеменин жанрдык белгилери кайсылар? Мазмундук жактан, композициялык жана көлөмдүк жактан чакан кара сөз түрүндөгү чыгарма.

**ф.и.д.,** Ж.Орозобекова: 70-80-жылдары аңгемени изилдеп, кандай жыйынтыкка келдиңиз, так берилбей жатат?

2-суроом: Аңгемелерди сатиралык, фантастикалык, эпикалык деп бөлдүң, буларды биириктериген жалпы тенденцияң кандай! Тенденция деген эмне?

Ж.К: Тенденция – Багыт дегенди билдирет. 70-80-жылдардын багыты адамды адептүүлүккө, нравалуулукка тарбиялоо болгон. Бул багытта биз изилдөөгө алган жазуучулардын аңгемелери психологиялык кырдаалдарды, нравалык-этикалык, тарбия берүүчүлүк, социалдык аспектидеги аңгемелердин бир багыттуулугу карапган.

**Төрага: академик А.Акматалиев:** Эпикалык аңгеме деп атпайсыңбы. Белгилери кандай?

**Ж.К:** Реалдуулукту объективдүү турмуштук таризде сүрөттөгөнгө умтулган аңгеме эпикалык (б.а. окуя баяндоочулук) аңгеме. Анын белгилери төмөнкүдөй: объективдүү, сезимге берилбеген баяндоо, сүрөттөлгөн нерсеге автордун ачык баа бергени көрсөтүлбөгөндүгү менен шартталат. Мисалы, С.Жетимишов "Ата", О.Айтымбетов "Темир уста, Ж.Мавляновдун "Жийде гүлү", Ш.Абдыраманов "Солдат" ж.б.

**Отурумдун төрагасы, академик А.Акматалиев:** Эми талкуулга өтөлү. Кыска, так сын-пикирлерди айтсаңар!

**Р.Эшматов:** Мурда Жибектин диссертациясын окуганбыз. Кыйла эле такшалыптыр. Аңгеменин теориялык белгилери дыкат каралган. Ал эми экинчи бөлүмдөрдө кыйла мүчүлүштүктөр кездешет. Анткени авторлор аркылуу бөлбөй параграфтарды тематикалык жактан өзүнчө, мүнөздөрдү талдаганды өзүнчө кылып бириктирсең болмок. Анан тенденцияларды тагыраак билишиң керек. Андан башка айыл прозасы деп атасың. Бул шарттуу белги. Анын баарын сынчыл көз-караште карасаң. Анткени айыл темасында дээрлик бардык жазуучулар жазган. Изденүүдө жүргөн жазууучулар баары эле ошол темада чыгармачылыгын башташкан. Мисалы, Б.Усубалиев деле башкалардан тасирленген. Таасир маселесине да кенен токтолсоң. Аларды модернисттик, реалисттик экенин тиагыраак бөлүштүрүп берсең. Менин оюмча Б.Усубалиев ар кимди туураган, өзүнө таандык ой-пикири жок жазуучу деп билем. А.Матисаков образдуулукка берилген жазуучу. Ошолорду тагыраак белгилеп айтуу керек. Жалпылап айтканда, стилдик жактан илимий жактан дагы бекемирээк даярдансаң болот. Ишиңе ийгилик каалайм, окумуштуулар кеңешине сунуштайм!

**ф.и.к., М.Садыров:** Аңгеме жанры 70-80-жылдарда актуалдуу болгон. Конкреттүү эле сунуштарымды айтайын: Киришүү бөлүмүңүздү толуктап чыгасыз го дейм. Анткени чет элдик аңгемелердин өнүгүү тенденциясына токтолуш керек. Ар бирине өз-өзүнчө. Бул жанр эпикалык түрдүн бир түрү. Сиз биринчи главада новелла менен аңгеменин жалпылыгын, өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтүү керек деген сунушум бар. Экинчи, үчүнчү баптар боюнча жазуучулардын чыгармачылыгы туура бөлүштүрүлгөн. Анткени алардын аңгеме жанрына кошкон салымы ар башка. Бирок аларды анализдөөдө салыштыруу жетишсиз. Мисалы, Сиз Кебекова менен Медетовдун изилдөөсүнөн эмнеси айырмаланган изилдөө кылдыңыз!? Ошону тагыраак бериш керек. Новелла жанрына келгенде

.......................................... и

Василий Степановдун эмегин карап, аңгеме экөөнүн айырмасын берсеңиз деген сунушум бар! Ишиңизге ийгилик кааалайм!

**ф.и.к., А.Ажыбаев:** Көркөм чыгарманы талдоодо жетишсиз жагдайлар бар. Биринччи бөлүмгө сөз жок. Кынтыксыз. Бирок экинчи, үчүнчү бөлүмдөрдө Жибектин өзүнө таандык структуралык жактан башкача түзүлгөн сүйлөмдөр **кездешет.**

**ф.и.к., Б.Өмүров:** Негизинен биринчи бөлүм жакшы. Экинчиден, аңгемелерди талдоо юоюнча, сүйлөмдөрдүн курулушун оңдоо керек. Окумуштуулар кеңешинен ийгиликтүү өтсүн дагы, Кеңешке сунуш кылыш керек!

**ф.и.д., М.Көлбаева: Тенденцияларды аныктап, оңдоп-түзөө керек. Авторлорду комплекстүү изилдөө керек. Мисалы, Ж.Жапиевдин "Шише" аңгемеси аз талданган. Анализ жетишсиз. Алынган авторлорду бирин тематикалык, бирин каармандарга басым жасабай, баарына бирдей анализ кылуу керек.**

**ф.и.к., Ыйсаева Н:** Мурунку идссертацимяга караганда бир беткей болуп калыптыр. Структурасы жакшы түзүлгөн. Киришүүсү оррду-ордунда, максат смилдет, коргоого коюлган талаптары өз ордунда. Биринчи глава максатка ылайык берилген. Кыргыз адабияты гана эмес, орус өзбек, беларусияга чейин кирип, кыргыз, аңгеме жанрын Кебековадан баштап жанрга кайрылган окумуштуулардын пикирлерине обзор берилген. Бирок ошол изилдөөчүлөрдөн сенин айырмалчылыктарың, изилдөө обьектиң, предметинди аныктап алышың керек. Аңгемени талдоо боюнча дагы теориялык жактан бекемделиш керек. Жанрдык белгилерин конкреттүү көргөзүш керек. Мезгилдик-мейкиндик жактан, образдуулук, поэтикалык жактан тагыраак болуш керек. Алынган илимий терминдерди пайдаланганда, ага жооп бергидей болуп, түпкү маанисин так, туура аныктама берүү керек. Иши негизинен бүткөн иш, киришүү, корутунду талапка жооп берет. Бирок, ошол анализди күчөтүп, терендетсе жакшы болот. Публикациялары ашыгы менен, рецензияланган. Терориялык жактан даярданса жакшы иш чыгат. Ийгилик! Кеңешке сунуш кылам!

**ф.и.к., А.Исаева:** Когда я открыла содержание мне глаза попалась, 2-3-главы. Немножко критики там. Вы можете распределять если вам устраивает не по авторам Ж.Жапиева, К.Кушубекова, Б.Усубалиева, А.Матисакава и.т.д. про проблемами. Вторoя глава идейно-эстетическая да, третие глава особенности творчество Б.Усубулаева и А.Матисакова. Это мое предложение. Возможно предложение, можеть быгть можно было.

Потому что, саморазбивка структурного и навизна эти противоречие, чем то понять здесь логического противоречие идёт. Можеть быть ты пересмотришь. Убирёшь фамилию. Я бы так поступила. Работа завершенно, просследовательно! Я рекомендую эту диссертации. Желаю успеха!

**ф.и.д., Ж.Орозобекова:** Меники кыска эле болсун мен бир нерсени айтайын тематикалык жактан авторлорду бөлүп койсон болот. Экинчи, үчүнчү главаларда аңгемелердин толук бейнеси ачылбай жатат. К.Кушубеков өтө майда деталдарга маани берип, бирок глобалдуу маселе көтөрөт. Ош:ол сыяктуу мисалдарды келтирсең. Аңгемелерде текстологиялык талдоо жетишсиз! Сунуш иретинде айткым келет, аңгемелердин жанрдык белгилерин окшоштуктарын, асты сызылган сөздөрдү илимпоз катары ондооңузду суранам. Сизге ийгилик кааалайм!

**ф.и.д., К.Койлубаев:** Жибек 2 жыл мурун талкууга койгон. Бирок ортодон сыноолорго карабай, кайра ишти алып келгенине ыраазычылык билдирем! Иштин кызыкчылыгы үчүн жакшы талкуу болуп отурат. Менин сунушум: Жазуучулардын ийгилик-кемчиликтерин ачуу дегенди, кемчилик дебей башка терминде атасаң болобу дейм. Башка сөз менен берсең. Тагыраагы, А.Саспаевди К.Асаналиев кандай сындады эле, ошол жаатта айтып жатам. 2-сунушум, аңгемечилерди К.Артыкбаев, К.Даутовдор дагы аңгемени изилдөөгө салым кошушкан. Аларга да маани берсеңиз. Б.Усубалиев, А.Матисаковдор менен замандаш Б.Аракеевдин дагы аңгемелери бар. Аны дагы атап өтсөң болот, анткени өзүнө таандык почерки бар. Грамматикалык, стилдик жактан бир сыйра карап, оңдош керек. Жалпысынан, иш талапка жооп берет. Кийинки этаптарга сунуш кылам!

**ф.и.д., А.Кадырманбетова:** Рысбек агай сиз Б.Усубалиевди ар кимди туураган жазуучу деп төмөн баа берип жатасыз. Бирок ал чындыгында импрессионисттик багыттагы жазуучу. Менин жеке оюмда. Тактоо иретинде айтып кетейин, азыркы жаш илимпоздор дүйнөлүк эмес, кыргыз окумуштууларынын эмгектерин араң окуйт. Диссертант бул багытта чет элдик изилдөөлөргө жакшы эле көңүл бурган.

**Төрага, академик А.Акматалиев**: Изилдөөгө умтулган адам аракет кылыш керек. Бул жагынан чындыгында эрк жакшы экен. Иште бир изилдөөнү кошуп койсоң, Заки Ахметовдун жетекчилиги менен жакталаган “Кыргыз-казак аңгемелеринин поэтикасы" деген диссертацияны карап көрсөң. Биринчи бөлүм абдан жакшы жазылган. Экинчи, үчүнчү баптан анализди күчөтсөң абдан жакшы болот!

Структуралык жактан айрым бир өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Көп аңгемелерди санай берипсиң. Тиешелүүлөрүн тандап алышың керек. Аңгемени талдоо негизи эле өтө кыйын. Повесь, романга караганда өтө татаал жанр. Теориялык жактан окушуң керек. Убактың кенен. Даярдан! Сунуш кылалы! Айтылган кемчиликтер оңдолсун! Жалпысынан ийгилик каалайм!

**Ж.К:** Бардыгыңыздарга рахмат! Атайьгн убакыт бөлүп, окуп, сын-пикирлерди айтканыңыздар үчүн Чоң рахмат! Ыраазычылык билдирем!

**Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши Күн тартибиндеги маселени такуулап**

**Токтом кылат:**

3.1. Диссертациялык иштин мазмунуна карата айтылган сын-пикирлер диссертант тарабынан эске алынсын.

3.2. Изденүүчү **Келдибекова Жибек Келдибековнанын** 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган **"70-80-жылдагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков)"** деген темадагы кандидаттык диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

3.3. Адистик минимумдун кошумча программасы бекитилсин.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, академик А.Акматалиев**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы, ф.и.к., Тойчубек кызы Ж**